**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

# ТОКТОМ

**19-февраль 2026-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX сессиясынын**

**№ 2- токтому**

**“Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын отчету, 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше,чыгашаларын жана 2027-2028-жылдарга божомолун бекитүү жөнүндө”**

Кыз-Көл айылдык кеңешинин IX сессиясы, Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышын жана 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше,чыгаша булактарынын долбоорун жана 2027-2028-жылдарга божомолун бекитүү жөнүндө социалдык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Б.Байзакованын бирдирүүсүн, айылдык кеңешинин бюджет комитететинин билдирүүлөрүн угуп, жана талкуулап Кыз-Көл айылдык кеңешинин IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

**1.** Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн айылдык кеңеши 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын отчету киреше, чыгаша, калдык, канаттандырарлык деп табылсын.

**2.** Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2026-жылга бюджетинин долбоору жөнүндө айылдык кеңешинин бюджет комитетинин билдирүүсүн эске алып 2026-жылга өкмөтүнүн кирешелери салык түрлөрү боюнча бюджеттик каражаттардын суммасы 22707,4 сом, тендөө трансферти 3443,3 сом, атайын каражаттардын суммасы 4 950,0 миң сом жалпы 31 100,7миң сом №1 тиркемеге ылайык ал эми, бюджеттин чыгашалары 26 150,7 миң сом №2-тиркеге, атайын каражат чыгашалары 4950,0 миң сом №3 ылайык бекитилсин. **3.** Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2027-жылга 30678,4 миң сом 2028-жылга 33981,4 миң сомго бекитилсин.

**4.** КР Өкмөтүнүн 01.07.2024-жылдагы № 200-б буйругуна ылайык электроэнергияга бөлүнгөн 598,8 миң кВт лимити бюджеттик мекеме уюмдар боюнча №4 тиркемеге бекитилсин жана жеткирилсин лимиттерди сактоо мектеп директорлоруна, балдар бакчаларынын жетекчилерине милдеттендирилсин.

**5.** Айыл өкмөт аймагында жайгашкан Жоогазын, Күн балдары бир, Жетиген, Айкөл бир мектепке чейинки билим берүү мекемелерине ата-энелерден түшүүчү (атайын каражат) төлөмдөрдүн жалпы суммасы 4 950,0миң сомго **№5-тиркемеге** ылайык бекитилип балдардын тамак ашына максаттуу багытталсын

**6.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесине ылайык айыл өкмөтүнүн резервдик фонду 500,0 мин сом өлчөмдө бекитилсин жана аны пайдалануу багыты ушул кодексте көрсөтүлгөн жоболорго ылайык жүргүзүлсүн.

**7.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 10.02.2026-жылдагы №81-токтомунун №1-тиркемесинин негизинде Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн башкаруу бөлүмүнөн 25 штат бирдиги 9 кызматкер келишимдин негизинде, 4 ТОП кызматкерлери кармалсын.

Ал эми айлык акылары Кыргыз Республикасын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 12.07. 2024-жылдагы №381 ылайык келишимдин негизинде алынган кызматкерлердин эмгек акысына эсептелген нормага ылайык, жалпы 9854,4 миң сом эмгек акылары жана 1341,5 миң сом социалдык фондко чегерүүлөр менен №**6-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

**8.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 10.02.2026-жылдагы №81-токтомунун 3-тиркемесинин негизинде айылдык кеңешинин 3 штат бирдигине Кыргыз республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын негизинде эмгек акы фондусуна 1166,7 мин сом жана социалдык фондко чегерүүлөргө 151,8 мин сом №7 тиркемеге ылайык бекитилсин.

**9.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48-беренесине, 29.07.2024-жылдагы №152 "Жайытгар жөнүндөгү" Мыйзамынын 11-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.06.2009-жылдагы № 386 жайытгар жөнүндөгү мыйзамын ишке ашыруу боюнча токтомуна ылайык жайыт пайдалануучуларда жыйналуучу жайыт ижарасынын киреше чыгашалары 462,4, мин сом өлчөмүндө **№ 8-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

**10.** Башкаруу бөлүмүнүн 2026-жылга чыгымдарынын бөлүнүшү № **9-10-тиркемеге** ылайык 17019,3 мин сом өлчөмүндө бекитилсин

**11**. Айыл өкмөтүнүн башчысынын унаа чыгымдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30-апрель 2022-жылдагы №240-токтомунун негизинде аныкталган 285,0 мин сом, Мамлекеттик социалдык колдоо, жакырчылыктан чыгаруу программасына катышкан жарандарга мониторинг жүргүзүүгө 15,0 миң сомду төлөп берүү № **11-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

**12.** Турак жай жана коммуналдык кызматтар бөлүмүнүн чыгымдарынын бөлүнүшү **№ 12 тиркемеге** ылайык жалпысынан 2234,3 миң сом өлчөмдө бекитилсин, анын ичинен айыл өкмөтүн балансында турган (газел NEXT 04KG784AA) автоунасынын айдоочусунун эмгек акысы 101,4 миң сом социалдык фондко 17,5 миң сом, чарбачыга (завхоз) маяна 143,0 миң сом социалдык фондко 24,7 миң сом эмгек акысын төлөөгө "Кыз-Көл Таза аймак" муниципалдык ишканасына жалпы 286,5 миң сом субсидия бөлүнсүн.

**13.** Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 27.08.2019-жылдагы №429 токтомунун 2,3 тиркемелеринин негизинде маданият бөлүмүнүн кызматкерлеринин 8 штат бирдиги кармалсын жана алардын эмгек акысы КР Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жыл №185 токтомунун 3,5-тиркемелерине ылайык 1744,1 миң сом,социалдык фондко чегерүүлөр 301,0 миң сом **№13-тиркемеге** ылайык бекитилсин жана китепканачыларга зыяндыктар кошумча төлөдө керектүү иш кагаздарынын негизинде эсептөө айыл өкмөттүн эсепчисине жүктөлсүн.

**15.** Маданият бөлүмүнө каралган ар түрдүү башка чыгымдары 290,0 мин сом өлчөмүндө № **14-тиркемеге** ылайык бекитилсин

**16**. Билим берүү бөлүмүнүн башка чыгымдары 3404,6 мин сом өлчөмүндө **№15-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

**17.** Социалдык камсыздоо бөлүмүнүн чыгымдары 695,0 мин сом өлчөмүндө **№16-тиркемеге** ылайык бекитилсин.

**19.** Айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы жергиликтүү бюджеттик чыгымдарына өзгөртүү киргизүү КРнын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесине ылайык, бюджет боюнча туруктуу комиссиянын сунушу менен айылдык кеңештин сессиясынын токтомунун

негизинде 2026-жылга бекитилген бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө тактоолорду жүргүзүү жагы Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

**20.** Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын.

**21.**Токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы К.Мурзакматовго милдеттендирилсин.

**22.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Б.Жапарбаевга жүктөлсүн.

**Төрага:** **К.Кушбаков**